**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**АК -ТАЛАА РАЙОНУ**
**ТОГОЛОК-МОЛДО**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ТОГОЛОК-МОЛДИНСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

**Тоголок-Молдо айыл аймагынын айылдык кенешинин депутаттарынын кезексиз IX-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**5-октябрь 2026-жыл, № 9\1 Жаны-Талап айылы**

**Тоголок-Молдо айыл аймагынын Кезектеги V Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана жергиликтүү коомдоштуктун жыйынын өткөрүү жөнүндө.**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы** “Кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетин түзүү жөнүндө” №309 Жарлыгына ылайык, депутаттардын Тоголок-Молдо айылдык кеңешинин кезексиз **IX- сессиясы ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы “Кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча ишти координациялоо боюнча уюштуруу комитетин түзүү жөнүндө жөнүндө” № 309 Жарлыгы жетекчиликке жана аткарууга алынсын.
2. Тоголок-Молдо айыл аймагынын калкынын саны 10497 болгондуктан өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучуларынын жалпы саны 80 деп белгиленсин.
3. Жергиликтүү коомдоштуктун жыйынынын катышуучулары Тоголок-Молдо айыл аймагындагы Кадыралы, Кара-Ой, Жаны-Талап, Ак-Тал, Ак-Кыя айылдарынын санына жараша №1 тиркемеге ылайык шайлансын. (Тиркеме 1 баракта).
4. Тоголок-Молдо айыл аймагында жергиликтүү коомдоштуктун жыйынынын катышуучуларын шайлоо боюнча жыйындарды өткөрүү 2026-жылдын 8–октябрдан 16-октябрга №2 тиркемеге ылайык белгиленсин. (Тиркеме 2 баракта)
5. Тоголок-Молдо айыл аймагынын жергиликтүү коомдоштуктун жыйынын өткөрүүгө жергиликтүү кеңештин жооптуу депутаттарынын тизмеси №3 тиркемеге ылайык бекитилсин. (Тиркеме 1 баракта).
6. Жергиликтүү коомдоштуктун жыйынынын катышуучуларын шайлоону уюштуруу, өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №4 тиркемеге ылайык түзүлсүн. (Тиркеме 1 баракта)
7. Элдик Курултайдын катчылыгы бекиткен Календардык планга ылайык, Тоголок-Молдо айыл аймагынын жергиликтүү коомдоштуктун жыйынын өткөрүү Жаны-Талап айылынын Т.Ибраимов атындагы клубка 2026-жылдын 24-октябрга чакыртылсын.
8. Ушул токтомду сайтка жарыялоо Тоголок-Молдо айылдык кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.
9. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрайымдын орун басары: Т.Исаков**